КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ
КЕҢ-ТАЛАА
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕН-ТАЛААСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

## Кең-Талаа айылдык кеңешинин VIII- чакырылышынын кезектеги 7-сессиясынын

## № 33 Т О К Т О М У

**2025-жылдын 28-июлу** **Бешкент айылы**

**“Кыргыз Республикасынын географиялык аталыштар жөнүндө” мыйзамына ылайык.**

Кең - Талаа айыл аймагынын СССРдин 50 – жылдыгы Лайлы айылындагы ”Лайлы” жалпы негизги билим берүүчү мектеби-мекемесине Алимбеков Тураттын ысмын ыйгаруу жөнүндөгү айыл тургундарынын 2025-жылдын 11- июлундагы жалпы элдик чогулушунун протоколунун ,Кен - Талаа айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 22 –июлундагы № 83 сандуу сунуш катын жана Кең - Талаа айылдык кеңешинин мамлекеттик мыйзамдуулук ,коомдук тартип жана жарандардын укугун сактоо боюнча туруктуу комиссиясынын чечиминин негизинде Кең - Талаа айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кең - Талаа айыл аймагынын СССРдин 50- жылдыгы Лайлы айылындагы “Лайлы” жалпы негизги билим берүүчү мектеби - мекемесинин аталышына Алимбеков Турат атындагы ысымды ыйгаруу жөнүндөгү айыл тургундарынын жалпы элдик жана “Лайлы”жалпы негизги билим берүүчү мектеби - мекемесинин педагогикалык кеңешмесинин протоколдору, Кең-Талаа айылдык кеңешинин мамлекеттик мыйзамдуулук,коомдук тартип жана жарандардын укугун сактоо боюнча туруктуу комиссиясынын протоколдору көңүлгө алынсын.
2. Кең -Талаа айыл аймагынын СССРдин 50- жылдыгы Лайлы айылындагы “Лайлы” жалпы негизги билим берүүчү мектеби-мекемесинин аталышына Алимбеков Турат атындагы ысымды ыйгарууга макулдук берилсин.
3. Токтомдун аткарылышы Кең-Талаа айыл Өкмөтүнүн башчысы Р.Жумабаевге милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кең-Талаа айылдык кеңешинин мамлекеттик мыйзамдуулук ,коомдук тартип жана жарандардын укугун сактоо боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кең-Талаа айылдык кеңешинин төрагасы:** **Б.Жумабайев**